| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**ӨЗГӨН РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**УЗГЕНСКИЙ РАЙОН** |
| **ТӨРТ- КӨЛ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ**<br>**ӨКМӨТҮ** | **АЙЫЛ ОКМОТУ**<br>**ТОРТ- КОЛСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн кезектеги аппараттык Кеңешмесинин**
**П Р О Т О К О Л У**

**__________ № _______** **Жылалды айылы**

| | |
|---|---|
| **Жыйынды алып барган:** | |
| **А. Жолдошов** | **Аппараттык кеңешмени айыл өкмөтүнүн башчысы** |
| **Катышкандар :** | **Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусту боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн алдындагы регионалдык инвестициялык кеңешинин катчылыгынын юристи Куштарбеков Кыялбек**<br><br>**Р. Маматова -орун басар-жооптуу катчы**<br>**З. Осмонов - ФЭБ башчы**<br>**А. Кенжебаев – юрист**<br>**Д. Сулайманов – башкы жер адис**<br>**Маданбек уулу Курсант – айыл башчы**<br><br>**Айылдык кеңештен:**<br>**М. Тажибаев – төрага**<br>**К. Абдираимов –айылдык депутаты**<br><br>**“ Береке базары” МИ жетекчиси А. Ахмедов**<br><br>**“Альянс Инвест Групп” ЖЧК жетекчиси Ш. К. Шарипов**<br>**“Альянс Инвест Групп” юристи И. Ахмедов**<br>**“Альянс Инвест Групп” ЖЧК нын портнёру М. П. Рызакулов** |

**КҮН ТАРТИБИ**

**1. “Береке базар” мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорун ишке ашыруу боюнча жеке демилге сунушту жактыруу жөнүндө**

Жыйынды Төрт-Көл айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А. Жолдошов ачып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук инвестициялар агенттигинин 2025-жылдын 30-октябрыдагы № 91-Н буйругунун негизинде,

Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Төрт-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн «Береке базары» аттуу мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоору боюнча жеке демилге сунушу бекитилгендиги жана айыл өкмөтү долбоордун мамлекеттик өнөктөшү болуп аныкталгандыгы тууралуу билдирүү каты келди. Бул кат менен таанышып чыктым. Долбоор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022- жылдын 25-мартындагы №160 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун түз сүйлөшүү жолу менен ишке ашыруунун тартиби" жөнүндөгү Жобонун негизинде түз сүйлөшүү жолу менен ишке ашырылат деп белгилептир.

"Береке базары" мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорун ишке ашыруу боюнча жеке демилге сунушту жактыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" Мыйзамынын 9, 10 жана 11-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн району аймагында заманбап соода комплекси "Береке базар" куруу жана өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин алдындагы МЖӨ борборунун 2025-жылдын 15-октябырындагы № 11-1/1508 каттарынын негизинде, ошондой эле "Альянс Инвест Групп" жоопкерчилиги чектелген коомунун жеке өнөктөшүнүн катын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги ПЖ № 115 Жарлыгы менен бекитилген Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин Жобосунун 22-пунктун жетекчиликке алып, комиссиянын курамын түзүп буйрук чыгарылды. Мына комиссия курамы отурушат. Баарыңыздарды тааныштырып өтөйүн.

Тааныштырып өттүм. Эми жумушту баштасак. Бүгүнкү жыйындын күн тартиби боюнча бир эле маселе коюлду, бул Прогресс айылында " Береке базары" муниципалдык базары боюнча баарыңыздар билесиздер. Бүгүнкү күнү ушул базарды заман талабына ылайык келтирүү үчүн куруу боюнча жетекчи Ахмедов Айбек тарабынан проект түзүлүп, тиешелүү бардык иш кагаздары даярдалып бүткөрүлүп, инвестиция тартуу жолу менен тендер жарыялап, тендер аркылуу ушул "Альянс Инвест Групп" ЖЧК сы 1 млд утуп келип , мына алдыбызга бүгүнкү жыйында кароо үчүн сунуштарын алып келип отурушат.

"Береке базар" мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорун ишке ашыруу боюнча жеке демилге сунушту жактыруу жөнүндө бүгүнкү жыйында кыскача карасак деген сунушум бар. Бүгүнкү жыйында канча жылга берилишин жана канча пайызга берилишин эле чечип алсак.

Кана кимде кандай сунуштарыңыздар бар айтыңыздар.

Сөз "Береке базары" муниципалдык базардын жетекчиси А. Ахмедовдо.

Саламатсыздарбу урматтуу жыйындын катышуучулары . Бул Прогресс айылындагы базарды заман талабына келтирип куруу боюнча проектилерди даярдоодо көптөгөн эмгектер кетти. Барбаган жерим, суранбаган инвесторум калбады. 1 млд сом бул айтканга оңой нерсе экен. Мындай чоң суммага көп инвесторлор келбейт экен. Ошондуктан мен ортодогу калыс адаммын. Түзүлгөн проектиге карап иш кылсак жакшы болот эле. Бизнес планын караңыздар. Сунушу турат аны карап чечиңиздер. Сөз айылдык кеңештин төрагасы М. Тажибаевде

**Урматтуу жалпы жыйындын катышуучулары менин сунушум 30 жылга 40%га 60 деп сунушумду берет элем.**

**"Альянс Инвест Групп" ЖЧК жетекчиси Ш. К. Шарипов менин сунушум 45 жылга 70ке 30 деп сунуш берем.**

**Төрт-Көл айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А. Жолдошов 30 жылга 50%га 50% кылсак баарыбызга туура болот.**

Сөзгө К. Абдираимов чыгып ушул жогорудагы сунуштар берилүүдө деп жарыя берип турайлы дагы, кийинки отурумда толук карайлы себеби максат бир эле да бул жерде. Элди тейлөө максатында болуп жатат. Жер тилкеси айыл өкмөттүкү , куруучулар силер, аренда акысын төлөөчүлөр дагы силерсиңер. Ошондуктан кийинки отурумда толук бизнес планын карап таанышып, проектилерин карап чыгып анан дагы чечишейли. Сайтка жарыялоо боюнча азыркы учурда берилген сунуштар каралууда деп эле чечим чыгарып турсак.

Жыйындын катышуучулары бир добуштан К. Абдираимовдун сөзүн колдошоорун билдиришти.

**Жыйындын төрагасы** **А. Жолдошов**

**Жыйындын катчысы** **Р. Маматова**